Кыямат күнү бир киши алып келинип тозокко ташталат. Анын ичеги-карды чубалып калат. Анан ал эшек тегирмендин ташын айлантып тегеренген сыяктуу ичеги-кардын айланып калат

Усама бин Зайддын (ага Аллах ыраазы болсун) айтымында, ага бирөөлөр: Сен Усманга кирип сүйлөшпөйсүңбү? - дешет. Ал: Силер укпасаңар эле мен сүйлөшпөгөн боломбу? Аллахка ант болсун, мен аны менен бетме-бет сүйлөштүм. (Башчыга ар ким доомат артып кире бере турган) эшикти биринчи ачкан киши болуудан корком. Аллахтын элчисинен (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) төмөнкү хадисти уккандан кийин, башчы болгон адамдардын эч бирин адамдардын жакшысы деп айтпайм. "Кыямат күнү бир киши алып келинип тозокко ташталат. Анын ичеги-карды чубалып калат. Анан ал эшек тегирмендин ташын айлантып тегеренген сыяктуу ичеги-кардын айланып калат. Анын айланасына тозоктун тургундары чогулат. Анан: Эй, баланча! Сага эмне болду!? Сен башкаларды жашылыкка чакырып, жамандыктан тыят элең го? - деп сурашат. Ал айтат: Ооба, чындап башкаларды жакшылыкка чакырчумун, бирок өзүм аткарчу эмесмин. жамандыктан кайтарчумун, бирок өзүм кыла берчүмүн".

[Сахих (ишенимдүү)] [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

Усама бин Зайдга (ага Аллах ыраазы болсун): Усман бин Аффанга (ага Аллах ыраазы болсун) кирип адамдардын арасына жайылып жаткан фитна тууралуу айтпайсыңбы деп айтышат. Усама: Ага кирип жашыруун сүйлөшкөнүн айтат. Анткени, ал башчыга эл көзүнчө ачык каяша кылууну каалаган эмес. Андай кылса, халифаны кемсинтүүгө себеп болуп калмак жана буга чейин эч ким ача элек фитнанын эшигин ачкан болмок. Андан кийин Усама (ага Аллах ыраазы болсун): ал амирлерге жашыруун насаат кыларын, падышага да кошомат кылбастыгын, аларды жалгандан беттерине мактабастыгын айтат. Анткени ал пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана макоосу болсун) минтип айтканын уккан: кыямат күнү бир кишини алып келип, тозокко ташташат. Азаптын оордугунан жана ысыктын катуулугунан анын ичеги-карды дароо эле чубалып калат. Анан ал тегирмендин ташын айланып тегеренген эшек сыяктуу өзүнүн ичеги-кардын тегерене баштайт. Анын айланасына тозоктун тургундары чогулуп: "Эй, баланча, сен башкаларды жакшлыкка буйруп, жамандыктан тыят элең го?!" - деп сурашат. Ал минтип айтат: Мен башкаларды жакшылыкка буйруйт элем, бирок өзүм аткарбайт элем. Жамандыктан тыят элем, бирок өзүм аткара берет элем.